№ 1981-ФХД/22 01.06.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

# БУЙРУК

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 27-майындагы №8 протокол) «Факультеттерде биргелешкен билим берүү (кош диплом) программаларын ишке ашыруунун абалы» деп аталган №1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1. Факультеттерде биргелешкен билим берүү (кош диплом) программаларын ишке ашыруунун абалы аттуу маселе боюнча ОшМУнун эл аралык байланыштар департаментинин директору, доцент А.О. Абдувалиевдин билдирүүсү эске алынсын.
2. Биргелешкен билим берүү программалары (БББП) боюнча түзүлгөн келишимдердеги багыттарга жана адистиктерге студенттерди кабыл алуу боюнча кесипке багыттоо (жарнамалоо) иштери күчөтүлсүн.
3. БББПларга чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу максатында иш-чаралар жүргүзүлсүн.
4. Өнөктөш окуу жайлар менен макулдашылып жаткан багыттар боюнча БББПларды ишке ашыруу жөнүндөгү келишимдерди жана окуу пландарды түзүү колго алынсын (2022-жылдын 26-августуна чейин).
5. Европа, Түркия, Кытай, Корея ж.б. өлкөлөрдүн университеттери менен БББПларды түзүү аракеттери күчөтүлсүн.
6. БББПларды ишке ашырууну финансылык жактан колдоо үчүн университет мүчө болгон ЖОЖдордун бирикмелеринен жана ассоциацияларынан айрым студенттерге стипендияларды бөлдүрүүгө же аларды акысыз окутууга жетишүү, эл аралык уюмдар жана фонддор менен кызматташуу, инвестиция тартуу иштери активдештирилсин.
7. Чет өлкөдөгү өнөктөш окуу жайга барып окуусун улантууга мүмкүнчүлүгү жок студенттерге ал окуу жайда дистанттык технологияларды колдонуу менен аралыктан окуу мүмкүнчүлүгү каралсын.
8. КРдин Билим берүү жана илим министрлигине айрым БББПларга бюджеттик орундарды (квоталарды) бөлүп берүү сунушу берилсин.
9. Бул чечимдин аткарылышы факультеттердин декандарына, эл аралык билим берүү программалар жогорку мектебинин директору Д.А. Турсуновго, окуу бөлүмүнүн начальниги И.Н. Атабаевге жана эл аралык байланыштар департаментинин директору А.О. Абдувалиевге милдеттендирилсин, ал эми анын аткарылышын көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор З.С. Божоновго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы.*

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**